# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

# ТОКТОМ

2014-жылдын 3-апрели № 200

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө

*(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-декабрындагы № 654 токтомунун редакциясына ылайык)*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдерин "Фирмалык аталыштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерин жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 9-июнундагы № 330 "Фирмалык аталыштарды каттагандыгы үчүн алынуучу алымдар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Фирмалык аталыштарды каттагандыгы үчүн алынуучу алымдар жөнүндө жобонун II бөлүмүнүн 4- пунктунун төртүнчү абзацы жана 5- пунктунун төртүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 31-январындагы № 26 "Товардык белгилерди, тейлөө белгилерин, товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарын жана фирмалык аталыштарды "Интернет" түйүнүндө дарек катарында пайдалануу тартиби жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- мамлекеттик тилдеги тексттин аталышында жана биринчи пунктта "катарында пайдалануу" жана "катарында пайдалануунун" деген сөздөр "катары колдонуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Товардык белгилерди, тейлөө белгилерин, товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарын жана фирмалык аталыштарды "Интернет" түйүнүндө дарек катарында пайдалануунун тартибинде:

мамлекеттик тилдеги тексттин аталышында жана тексттин 1-пунктунда "катары пайдалануу" жана "катарында пайдалануунун" деген сөздөр "катары колдонуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

*3. (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-декабрындагы № 654 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Биринчи вице-нремьер-министрдин**
**милдетин аткаруучу,**
**Премьер-министрдин**
**милдетин аткаруучу** **Дж.К. Оторбаев**